# "АЙЫЛ БАНК" АЧЫК
# АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН
# КУПУЯЛУУЛУКТУ САКТОО
# САЯСАТЫ

Жеке маалыматтардын купуялуулугун сактоо саясаты (мындан ары – саясат) "Айыл Банк" ААКсында мобилдик тиркемелерди, аралыктан банктык тейлөө системасын, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү/продукттарды сунуштоо шартын колдонуунун алкагында Кардарларга тиешелүү жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга (колдонууга)_ жана алардын берилишине байланыштуу мамилелерге таркатылат.

## 1. ТЕРМИНДЕРДИН (АТООЛОРДУН) АНЫКТАМАСЫ

Купуялуулуктун сактоо саясатында төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

**1.1. Аутентификация**– бул, идентификаторго сунушталган/анда колдонулган мүнөздөмөлөрдүн, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарын (ПИН-кодду, логинди, паролду, кодду жана/же тастыктоо кодун киргизүү/биометрикалык идентификациялоо каражаттарын (бармак басым, Face ID ж.б.), карт номерин, жеке идентификациялоо номерин, код катары белгиленген сөздү же аларга эквиваленттүү болгон каражаттарды/идентификаторду, авторизацияны (ыкмаларды, коддорду), коргоо, пайдалануу каражаттарын) текшерүү, аныктоо жана/же салыштырып көрүү аркылуу тастыктоочунун/Кардардын инсандыгын аныктоо жол-жобосу (ыкмасы)

**1.2. Маалыматтарды колдонуу**– бул, дароо/автоматтык түрдө чогултулган маалыматтар, же болбосо мобилдик тиркемени, аралыктан банктык тейлөө системасын же мобилдик тиркеменин, аралыктан банктык тейлөө системасынын инфраструктурасынын өзүн (баракчага кирүүнүн узактыгы) колдонуу аркылуу топтолгон маалыматтар.

**1.3. Жеке маалыматтар топтомунун ээси** – бул, жеке маалыматтарды топтоо максатын, категориясын аныктоого жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтарды топтоо, сактоо, иштеп чыгуу жана колдонуу процессин контролдоого ыйгарым укуктар жүктөлгөн мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана юридикалык жактар.

**1.4. Келишим** – Банк менен Кардар ортосунда банктык кызмат көрсөтүүлөрдү/продукттарды сунуштоого, банктык операцияларды/бүтүмдөрдү ишке ашырууга жана анын ичинде, аралыктан банктык тейлөө системасын (интернет банкинг, мобилдик банкинг, мобилдик тиркеме, аралыкта орнотулган жабдуулар жана башкалар) колдонуу аркылуу башка иш аракеттер боюнча түзүлгөн макулдашуу.

**1.5. Жеке маалыматтрар** – бул, тике же кыйыр түрдө аныкталган же аныкталуучу жеке адамга тиешелүү (жеке маалыматтар субъектисине) болгон, айкын бир субъектке тиешелүү жеке маалыматтарды чагылдырган же чагылдырышы мүмкүн болгон, жеке адамга мүнөздүү биологиялык, экономикалык, маданий, жарандык же социалдык идентүүлүктүн бир же бир нече факторлоруна таянуу аркылуу аны тике же кыйыр түрдө идентификациялоого мүмкүндүк берген кандай болбосун маалымат. Жеке адамдын өмүр таржымалына жана аны мүнөздөгөн маалыматтарга, жеке мүнөздөмөлөрүнө, үй бүлөлүк абалына, финансылык жагдайына, ден соолугуна байланыштуу маалыматтар жеке маалыматтарга кирет.

**1.6. Жеке маалыматтардын бериши –** Банк же маалымат ээси тарабынан ушул Купулялуукту сактоо саясатына, жеке маалыматтардын субъекттин жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга макулдугуна ылайык, колдонуудагы мыйзамдарга, эл аралык келишимдерге, Кардарлар, банктар, контрагенттер, ишкер өнөктөштөр менен түзүлгөн келишимдерге/макулдашууларга, банктык иш тажрыйбада колдонулган маалымат алмашуу жагында жөнгө салынган тажрыйбаларга ылайык, жеке маалыматтардын үчүнчү жактарга берилиши.

**1.7. Жеке маалыматтардын купуялуулугунун сакталышы –** бул, жеке маалымат субъектисин коргоо чарасынын сакталышы, анын жеке маалыматтарынан пайдалануу, кимдир бирөөгө жөнөтүү, сунуштоо мүмкүнчүлүгүн чектөө жана аны сактоо шарттары.

1.8. **Кардар -** бул, жеке маалыматтар субъектти, юридикалык жак же жеке адам, ошондой эле Банк менен тиешелүү келишимди түзгөн, анын ичинде мобилдик тиркемеден, интернет банкингден, аралыктан банктык тейлөөдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салган жана/же аларды пайдаланып жаткан ачык офертаны Банк тарабынан белгиленген тартипте акцептөө аркылуу түзгөн жеке ишкер.

1.9. **Мобилдик тиркеме** – Банктын Карларларын интернет аркылуу аралыктан тейлөө системасынын инструменттеринин (каражаттарынын) бири, (анын ичинде AB Business мобилдик тиркемеси, “БЕРЕКЕ” мобилдик тиркемеси жана башкалар);

1.10. **Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу –** бул, автоматташтыруу каражаттарын колдонуп же жеке маалыматтарды чогултуу, чагылдыруу, системага салуу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңылоо, өзгөртүү), акуталдаштыруу, топтоштуруу, андан кайсыл бир маалыматтарды алуу, колдонуу, жөнөтүү/берүү (таркатуу, сунуштоо, андан пайдалануу, анын ичинде башка мамлекеттердин юрисдикциясына кирген жактарга чегара аркылуу жөнөтүү), ээсин көрсөтпөө, бөгөт коюу, алып салуу, өчүрүп салуу, маанисин өзгөртүү, жок кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Саясатка, Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугуна, башка келишимдерге/макулдашууларга ылайык, башка бир аракеттерди көрүү/аткаруу жана ошол максаттарда кандай болбосун иш аракет (операция) же иш аракеттер (операциялар) жыйындысы/топтому.

1.11. **Жеке маалыматтарды топтоо** – бул, Банк/маалымат ээси тарабынан ошол маалымат субъекттеринен же болбосо башка булактардан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул купуялуулуктун сакталышы саясатына ылайык жеке маалыматтардын алынышы жол-жобосу.

1.12. **Аралыктан банктык тейлөө системасы (ДБО)** – бул, банкоматтарды, төлөм терминалдарын, интернет банкингди, электрондук капчыкты, мобилдик банкингди, мобилдик тиркемени, өз алдынча тейленген жабдууларды жана аралыктан банктык тейлөөнүн башка ыкмаларын колдонуу аркылуу Кардар менен Банк ортосунда аралыктан банктык, төлөм, электрондук (санарип) жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн байланышты камсыз кылган телекоммуникациялык, санариптик жана маалыматтык технологиялар, программалык камсыздоолор жана жабдуулар жыйындысы.

1.13. **Жеке маалымат субъектисинин макулдугу** – бул, ушул Купуялуулукту сактоо саясатында каралган формада, ага ылайык жеке маалымат субъектиси маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга жана алардын берилишине байланыштуу жол-жоболорду ишке ашырууга макулдугун өз эрки боюнча, ачык-айкын, шартсыз жана билип туруп туюндурган пикири.

1.14. **Жеке маалымат субъекти** – тиешелүү жеке маалыматтар аларга таандык болгон жеке адам/Кардар.

1.15. **Каттоо жазуусу** – Банктын мобилдик тиркемесинен, аралыктан банктык тейлөө системаларынан же алардын бөлүктөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу максатында Банк тарабынан Кардар үчүн түзүлгөн уникалдуу жазуулары.

1.16. **Электрондук кол тамга** – бул, Кардарды, анын атынан кол коюлган, юридикалык маанилүү чечимдерди кабыл алууда жана/же юридкалык маанилүү иш аракеттерди жүргүзүүдө (электрондук төлөм тапшырмаларды/буйрууларды, банктык операцияларды/транзакцияларды, төлөмдөрдү, эсептөөлөрдү акцептөө, аларга макулдук берүү, таанышып чыгуу, билдирмелерди жөнөтүү, тариздетүү/кол коюу, ошондой эле келишимдерди/макулдашууларды, оферттерди жана башка бүтүмдөрдү кошо алганда, кандай болбосун башка электрондук документтерди, электрондук билдирүүлөрдү түзүү (кол коюу) электрондук документ формасындагы маалыматтарга кол койгон адамды аныктоо, белгилөө жана/же тастыктоодо колдонулган аралыктан банктык тейлөө системасында/мобилдик тиркемеде чагылдырылган/колдонулган формадагы/түрдөгү тастыктоо коду, биометрикалык идентификациялоо каражаты, код, пароль, ПИН-код, логин же башка кандай болбосун идентификаторлор, аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары, ыкмалары түрүндөгү өздүк кол тамга аналогу.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2.1. Бул, Купуялуулукту сактоо саясаты Банктын расмий интернет сайтында/мобилдик тиркемелеринде, ошондой эле зарылчылыкка жараша аралыктан банктык тейлөөгө алуунун башка системаларында жайгаштырылууга тийиш.

2.2. Кардар мобилдик тиркемени, аралыктан банктык тейлөө системасына колдонуу менен (паролдун, коддун, логиндин, ПИН-коддун жана/же Кардардын электрондук кол тамгасына теңдештирилген башка аутентификациялоо каражаттарын, башка идентификаторлорду колдонуу менен кирүү аркылуу) Банкка өзүнүн жеке маалыматтарын билдирет, анын ичинде үчүнчү жактардын ортомчулугу аркылуу жөнөтүү менен ушул Купуялуулукту сактоо саясатына Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасына ылайык, жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга, жөнөтүүгө Банкка берген макулдугун тааныйт жана тастыктайт.

2.3. Кардар мына ушул Купуялуулукту сактоо саясатын, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасын ушул саясатта белгиленген тартипте толугу менен шартсыз (аларга кандайдыр бирн өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укугусуз) акцептейт (ага кошулат, кабыл алат, кол коет, макул болот).

2.4. Эгерде кардар мына ушул Купуялуулукту сактоо саясатына, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасына толугу менен сыяктуу эле, алардын айрым бир пункттарына/шарттарына макул болбогон учурда, ал Банктын мобилдик тиркемесин, аралыктан банктык тейлөө системасын пайдалануудан баш тартууга жана/же Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнөн/продукттарынан колдонууну токтотууга тийиш.

2.5. Жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга жана кимдир бирөөгө берүүгө/жөнөтүүгө макулдук ошол маалымат ээсинен болгон Субъект/Кардар тарабынан кайсыл болбосун убакытта кайтарылып алынышы мүмкүн. Субъекттин жеке маалыматтарды берүүгө макулдугу кайтарылып алынган шартта, Банк/жеке маалымат топтомунун ээси колдонуудагы мыйзамдарда көрсөтүлгөн негиздерге таянуу менен субъекттин макулдугусуз ошондой эле, Кардардын Банк алдындагы карыз орду/милдеттенмелери толук жабылганга чейин ал маалыматтарды андан ары иштеп чыгууну улантууга (анын ичинеде сунуштоого) укуктуу.

2.6. Купуялуулукту сактоо саясаты, Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасы Банк тарабынан бир тараптуу негизде өзгөртүлүшү мүмкүн. Банк кайсыл болбосун убакытта, өз ыңгайына жараша мына ушул Купуялуулукту сактоо саясатына, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасына, Кардарга ал тууралуу алдын-ала билдирүүсүз эле өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Кардар саясаттын ушул пунктуна макул эмес болсо, ал Банктын мобилдик тиркемесин, аралыктан банктык тейлөө системаларын колдонуудан баш тартууга жана/же Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнөн/продукттарынан колдонууну токтотууга тийиш.

2.7. Кардар электрондук кол тамга катары таанылган аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынын (паролду, логинди, кодду чагылдыруу, биометрикалык идентификациялоо каражаттарын, ошондой эле башка аутентификациялоо/кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган эквиваленттүү каражаттарды, идентификаторлорду колдонуу менен) жардамы менен Банктын мобилдик тиркемесине, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүүсү аркылуу, ал тастыктаган жана кол койгон ушул Купуялуулукту сактоо саясатынын, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасынын негизинде Банк өз милдеттенмелерин аткаруу жана Кардар менен келишимдик мамилелердин алкагында белгиленген шарттарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын, төлөм системаларынын эрежелерин, контрагенттердин, банктардын жана башка жактардын шарттарын аткаруу үчүн зарыл болгон, Кардарга таандык жеке маалыматтарды топтоону, иштеп чыгууну жүргүзүүгө укуктуу.

2.8. Банк мына ушул Купуялуулукту сактоо саясатына ылайык, бардык жеке маалыматтарды коргоо боюнча талап кылынган стандарттарга, эрежелерге жана сунуш-көрсөтмөлөргө

таянуу менен иш алып барат. Бирок, мында Банк Кардардын жеке маалыматтарынын коопсуздугунун кынтыксыз сакталышын гарантиялай албайт.

2.9.Банк, Кардардын жеке маалыматтарынынр ачыкка чыгып кетпөөдөн же аларды алууга ыйгарым укугу жок үчүнчү жактардын колдонуусунан коргоого багытталган бир катар техникалык жана уюштуруу ыкмаларын колдонууга киргизүүдө.

2.10. Ушул Купуялуулукту сактоо саясаты жана ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасы бирин-бири толуктайт жана бири-биринин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 3. ТОПТООЛУУЧУ МААЛЫМАТ ТҮРҮ

### 3.1.Кардар жөнүндө персонификацияланбаган маалымат

3.1.1.Банк мобилдик тиркеменин, аралыктан банктык тейлөө системаларынын колдонулуп жатышына байланыштуу Кардарга тиешелүү төмөндө көрсөтүлгөн персонификацияланбаган маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу, анын ичинде дароо иштеп чыгууга мүмкүнчүлүгү бар жана алар ошолор менен эле чектелип калбайт:

- Кардардын кайсыл жерде жашагандыгы тууралуу маалымат (геолокация). Кайсыл болбосун убакытта ал аркылуу мобилдик тиркемеге, аралыктан банктык тейлөө системасына кире алган жабдуунун багытын өзгөртүү аркылуу геолокацияны өчүрүп коюшу мүмкүн. Геолокация Кардар мындай тиркемени активдүү колдонгон учурда гана мобилдик тиркеме, аралыктан банктык тейлөө системасында колдонулат. Мобилдик тиркемеден, аралыктан банктык тейлөө системасынын чыккан учурда геолокация иштебей калат;
- Мобилдик тиркемени, аралыкта орнотулган жабдууларды жана/же башка инструменттерди/аралыктан банктык тейлөө системасын пайдаланууга тиешелүү кандай болбосун маалыматтар;
- Ал аркылуу мобилдик тиркемеге, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүү мүмкүн болгон жабдуу тууралуу маалымат (идентификациялык номери, мобилдик оператор түйүнү жана башкалар), операциялык система, платформа, браузер түрү жана браузерге, IP дарекке жана башкаларга тиешелүү башка маалыматтар.
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул саясатка кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугуна ылайык кандай болбосун башка маалыматтар жана билдирүүлөр.

### 3.2. Кардарга тиешелүү жеке маалыматтар

3.2.1.Кардар төмөндө көрсөтүлгөн маалыматтарды, бирок алар менен эле чектелбестен башка маалыматтарды да Банкка сунуштоого тийиш:

- фамилиясы, аты, атасынын аты;
- камтталган/жашаган жеринин дареги;
- электрондук почта дареги;
- мобилдик телефон номери;
- жеке идентификациялык номери (ПИН), идентификациялык салык номери (ИНН);
- ал аркылуу мобилдик тиркемеге кирген жабдууда чагылдырылган бардык байланыш маалыматтары;
- айкын бир Кадарга тиешелүү бардык маалыматтарды ошондой эле, үчүнчү жактардан (өнөктөштөрдөн, маркетологдордон, изилдөөчүлөрдөн жана башка жактардан) алынган Кардарга тиешелүү бардык маалыматтарды чогуу кароонун натыйжасында топтолгон жалпыланган маалыматтар;
- Кардарга тиешелүү же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Купуялуулукту сактоо саясатына жана ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугуна ылайык Кардардлы тике же кыйыр түрдө идентификациялоого мүмкүндүк берген кандай болбосун башка маалыматтар, окуялар/жагдайлар.

**3.3.** Кардар өзү сунуштаган жеке маалыматтардын тактыгы, толуктугу үчүн жоопкерчилик

тартат жана мезгил-мезгили менен аларды өз учурунда өзгөртүп (жаңылап, тактап/текшерип, оңдоолорду киргизип) Банкка маалымдап турууга милдеттүү.

**3.4.** Банк Кардар тарабынан сунушталган бардык жеке мүнөздөгү маалыматтар так экендигине жана ал маалыматтарды улам жаңылап турушуна таянуу менен иш алып барат.

**3.5.** Жеке мүнөздөгү маалыматтар Банкка Кардардын өзү, анын өкүлдөрү, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Банктын Кардары болуп саналган юридикалык жактардын жетекчилери, башкы бухгалтерлери жана башка өкүлдөрү, Банк менен тиешелүү кызмат көрсөтүү боюнча жарандык-укуктук келишимдерди түзгөн жактар, Банктын өнөктөштөрүнүн кызматкерлери/өкүлдөрү, ошондой эле Банк өз иш багытынын алкагында алар менен өз ара иш алып барган, Банк менен келишимдик мамилелерди түзгөн башка юридикалык жактардан, башка маалымат булактынын алынышы же Банкка сунушталышы мүмкүн.

**3.6.** Жеке маалыматтарды актуалдаштыруу зарылчылыгы келип чыккан шартта Кардар ушул аркылуу ага тиешелүү жеке маалыматтарды өз алдынча текшерип, талап кылууга, жаңылоого жана иштеп чыгууга Банкка ыйгарым укук чегерет.

## 4. КАРДАРДЫН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫН ТОПТОО ЖАНА ИШТЕП ЧЫГУУ МАКСАТЫ

**4.1.** Жеке маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу төмөнкү максаттар үчүн ишке ашырылат:

- Кардар менен түзүлгөн тиешелүү келишимдерге ылайык мобилдик тиркеме, интернет банкинг, аралыктан банктык тейлөө системасы, аралыкта орнотулган жабдуулар жана башкалар аркылуу ага банктык кызмат көрсөтүүлөрдү/продукттарды талаптагыдай сунуштоо, банктык операцияларды/бүтүмдөрдү ишке ашыруу үчүн;
- жеке маалыматтарын сунуштаган жактарга, ал маалыматтар Банк тарабынан кандай максаттар үчүн иштелип чыгып жаткандыгы, Кардардын иш аракетине, абалына баа берүүгө өбөлгө түзүп, маалымат коопсуздугун камсыз кылуу үчүн кандай ыкмалар колдонула тургандыгын боюнча маалымат берүү үчүн;
- мобилдик тиркеменин, интернет банкингдин, аралыктан банктык тейлөө системасынын жана башка программалардын, жабдуулардын/тиркемелердин оперативдүү жана талаптагыдай иштөөсү, алардын иштөө шартын жакшыртуу, контентти өркүндөтүү, кошумча иштеп чыгуу, алардын ички фукционалдуулугун жакшыртуу үчүн;
- жеке адам-Кардарды, Кардар-юридикалык жакты, алардын бенефициардык ээлерин, аффилирленген же байланыштуу жактарын, контрагенттерин идентификациялоо, аутентификацилоо, авторизацилоо жана верификациялоо үчүн;
- Кардардын жайгашкан ордун/жерин аныктоо үчүн;
- мобилдик тиркемени, интернет банкингди, аралыктан банктык тейлөө системасын, аралыкта орнотулган жабдууларды техникалык колдоого алуу, тейлөө, ошондой эле алардын иш процессинде келип чыгышы ыктымал болгон көйгөйлөрдү аныктап, аларды четтетүү, мобилдик тиркемеге, аралыктан банктык тейлөө системасына мониторинг жүргүзүү жана кандайча пайдаланылып жатканына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн;
- Кардар менен байланышты (коммуникацияны) жөнгө салуу, анын ичинде электрондук почта, телефон аркылуу кайрылуу, SMS жөнөтүү же мобилдик тиркеменин, аралыктан банктык тейлөө системасынын жана push-билдирмеси сыяктуу электрондук байланыштын башка эквиваленттүү формалары аркылуу аткарылып жаткан иштерге, продукттарга же ал зарыл болуп, же аларды ишке ашыруу максатка ылайыктуу болгон шартта, коопсуздук шарттарын жаңылоону кошо алганда, контракттык кызмат көрсөтүүлөргө байланыштуу маалымат алуу жагында байланышып туруу үчүн;
- Кардардын мобилдик тиркемеден, интернет банкингден, аралыктан банктык тейлөө системасынан, аралыкта орнотулган жабдуулардан пайдалануучу катары каттоо үчүн анын каттоо жазууларына көз салып туруу үчүн. Кардар сунуштаган жеке маалыматтар ага мобилдик тиркемени, интернет банкингди, аралыктан банктык тейлөө системасынын, аралыктан орнотулган жабдууларынын ар кандай мүмкүнчүлүктөрүнөн/тейлөө шарттарынын каттоодон өткөн пайдалануучу катары алардан пайдалануусуна мүмкүндүк берет;

- Кардарга жаңылыктарды, атайы сунуштарды жана кызмат көрсөтүүлөр, операциялар жана/же орун алган жагдайлар тууралуу жалпы маалыматтарды, анын ичинде Кардар буга чейин алган же кызыккан маалыматтарды сунуштап туруу үчүн;
- Кардардын Банкка жөнөткөн талап каттарына/кайрылууларына көз салып туруу үчүн;
- Маалыматтарга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү, жарнамалык компаниялардын иш натыйжалуулугун, аларда колодонулуп жаткан тенденцияларды аныктоо, ошондой эле мобилдик тиркемеге, аралыктан банктык тейлөө системасына, продукттарга, кызмат көрсөтүүлөргө, маркетингке жана топтолгон иш тажрыйбага баа берип, аларды өркүндөтүү үчүн;
- Террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү үчүн, анын ичинде булар менен эле чектелбестен, Кардардын санкциялык тизмеде жана алардын кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) катышы бдардыгы тууралуу маалымат адлынган жактардын, топтордун жана уюмдардын тизмегинде (тизмесинде/реестринде) бар же жок экендигин кылдат текшерүү үчүн;
- “Өз кардарыңды бил” саясатына карата талаптарды, ички контролдоо программасын аткаруу үчүн;
- Кардарга банктык кызмат көрсөтүүлөрдү/продукттарды сунуштоо, банктык операцияларды/бүтүмдөрдү ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Банктын ички ченемдик актыларына, төлөм системаларынын талаптарына, эрежелерине жана шарттарына, эл аралык келишимдердин, Кардар, банктар, контрагенттер, ишкер өнөктөштөр жана Банк, Кардар үчүн зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштап же аракеттерди көргөн башка жактардын талабына ылайык Кардарды идентификациялоо/верификациялоо, аутентификациялоо, авторизациялоо үчүн зарыл болгон кандай болбосун башка шарттарды/максаттарды аткаруу үчүн.

## 5. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА СУНУШТОО

**5.1.** Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жана башка бир жакка жөнөтүү/сунуштоо төмөнкү максаттар үчүн ишке ашырылат: (1) Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул Купуялуулукту сактоо саясатында, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунда Кардар, банктар, контагенттер/өнөктөштөр жана башка жактар менен түзүлгөн келишимдерде каралган максаттарга жетишүү үчүн; (2) Кардардын өзүнө таандык жеке маалыматтарды кеңири чөйрөдөгү жактарга берүүсү; же (3) Кардарга белгилүү бир контентти сунуштоо жана башкаларды кошо алганда, Банктын Кардар алдындагы милдеттенмелеринин/башка шарттардын аткарылышы үчүн.

**5.2.** Кардар өзүнө таандык маалыматтарды жалпыга белгилүү болгондой жагдайды түзгөн учурду эске албаганда, Банк алынган жеке маалыматтардын купуя сакталышы үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрөт.

**5.3.** Алынган маалыматтардын кимге тиешелүү экендиги белгисиз болуп, бул Кардарды түздөн-түз же кыйыр түрдө аныктоого мүмүкүндүк бербеген шартта, ошол маалыматтардан үчүнчү жактардын андан ары пайдаланышына жана чечмеленишине жол берилет жана аларга карата ушул Купуялуулукту сактоо саясатынын эрежелери колдонулбайт.

**5.4.** Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же аларды колдонуусуз эле ишке ашырылышы мүмкүн.

**5.5.** Купуялуулукту сактоо саясатынын негизинде Банк Кардарга тиешелүү жеке маалыматтарды төмөнкүлөргө берүүгө укуктуу:

- кызмат көрсөтүүлөрдү/товарларды сунуштоочуларга;
- жеке маалыматтар топтомун түзгөндөргө (ээлик кылгандарга);
- кайсыл болбосун кредиттик бюрого;
- өз кызматтык милдеттерин, өкүлчүлүк жана жана башка милдеттерди/функцияларды аткаруусу үчүн Банктын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине/өкүлдөрүнө;
- өзүнүн аффилирленген жактарына, филиалдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында ачылган сыяктуу эле, башка мамлекеттердин аймагында ачылган

өкүлчүлүктөрүнө. Банктын кайсыл болбосун туунду компаниясы, биргелешкен долбоорлор боюнча өнөктөштөр, же Банк алардын ишин контролдугуна алып, же Банктын жалпы контролдугунда турган башка компаниялар аффилирленген жактарга кирет;
– Банкты жоюунун, аны өзгөртүп түзүүнүн же банкрот деп жарыялоонун натыйжасында же болбосо талап коюу укугун өткөрүп берүү/карызды которуу же ушундай эле башка негиздер боюнча пайда болгон анын укугу өткөндөргө;
– Кардарга белгилүү бир продукттарды же кызмат көрсөтүүлөрдү же болбосо жарнамалык акцияларды сунуштоо максаттары үчүн Банктын ишкер өнөктөштөрүнө;
– жана башка пайдалангандарга/колдонуучуларга: Кардар өзүнө тиешелүү жеке маалыматтар менен бөлүшкөн же башка бир негиздер боюнча башка пайдалануучулар менен өз ара иш алып барган шартта, мындай маалыматтар менен алар таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп же ал маалыматтар ачык таркатылган шартта;
– эл аралык келишимдердин, Кардар, мамлекеттик/муниципалдык органдар/ведомстволор, банктар, төлөм уюмдары, төлөм системасынын операторлору, өнөктөштөр/контрагенттер менен келишимдик мамилелердин шарттарын талаптагыдай аткарууга;
– Кыргыз Республикасынын, чет өлкөлөрдүн/чет мамлекеттердин, эл аралык органдардын жана уюмдардын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарын, эрежелерин/шарттарын, ошондой эле салык жана башка органдардын, чет мамлекеттердин уюмдарынын талаптарын аткарууга;
– башка жактарга, анын ичинде чет мамлекеттердин юрисдикциясына киргендерге.

## 6. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА САКТОО МӨӨНӨТҮ

**6.1.** Банк Кардарга тиешелүү жеке маалыматтарды ушул Купуялуулукту сактоо саясатында, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунда чагылдырылган максаттар үчүн зарыл болгон учурга чейин гана сактайт.

**6.2.** Алынган маалыматтар Банктын мобилдик тиркемесинин коопсуз колдонулушун же анын функционалдуулугун жакшыртуу үчүн колдонулган же болбосо Банк белгиленген стандарттардын жана нормалардын талабы боюнча ошол маалыматтарды кыйла узак убакыт сактоого милдеттүү болгон жагдайды эске албаганда, мобилдик тиркемени, аралыктан банктык тейлөө системасын колдонуу боюнча маалыматтар, эрежедегидей эле, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон убакыт аралыгында сакталат.

**6.3.** Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу мөөнөтү келишимдин колдонуу мөөнөтүнө ылайык, жеке маалымат ээси, мамлекеттик/муниципалдык органдар/ведомстволор, банктар, өнөктөштөр/контрагенттер менен макулдашууга жараша Банктын маалымат системасында иштеп чыгуу максаттарына ылайык аныкталат.

**6.4.** Банк менен жеке маалымат ээсинен субъект ортосунда түзүлгөн келишимдердин, мамллекеттик/муниципиалдык органдардын/ведомстволордун, банктардын, өнөктөштөрдүн/контрагенттердин макулдашуусуна же болбосо Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун мөөнөтү бүтүп, же ал кайтарылып алынган шартта, ошондой эле жеке маалыматтардын туура эмес иштелип чыгышы аныкталган учурда жана колдонуудагы мыйзамдарда каралган башка учурлар жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун токтотулушуна түрткү берген шарттардан болуп саналат. Мында Банк/жеке маалымат ээси, Кардар Банк алдындагы карызын/милдеттенмелерин толук жапканга/аткарганга чейин, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарда, эл аралык келишимдерде, төлөм системасынын эрежелеринде белгиленген башка негиздер орун алган шартта, субъекттин ага макулдугусуз эле жеке маалыматтарды иштеп чыгууну (анын ичинде кимдир бирөөгө берүүнү) улантууга укуктуу.

## 7. УКУК КОРГОО ЖАНА БАШКА ОРГАНДАР ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫН ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

**7.1.** Саясаттын ушул пунктунун талабына ылайык Кардар Банк алдындагы карызынын өндүрүлүшү Кардар ушул пункттун талабына ылайык, Банк алдындагы Кардардын

карызынын Банктын демилгеси боюнча өндүрүлүп алынышы максатында, ошондой эле Кардар Банк менен түзүлгөн келишимдердин/макулдашуулардын талаптарын аткарбай койгондугу же талаптагыдай аткара албай калгандыгына байланыштуу жана/же колдонуудагы мыйзамдарда каралган башка учурларда, субъекттин ага кошумча макулдугун алуусуз эле жеке маалыматтардын төмөнкү органдарга берилишине Банкка макулдугун берет (ага ыйгарым укук чегерет, укук берет):

- сот органдарына;
- ички иштер, улуттук коопсуздук, прокуратура органдарына, салык кызматына;
- Банк милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон, ченемдик-укуктук актыларда белгиленген учурларда, башка ыйгарым укуктуу органдарга жана уюмдарга.

**7.2.** Кардар жогоруда көрсөтүлгөн пункка/шарттарга макул эмес болсо, ал Банктын мобилдик тиркемесинен, аралыктан банктык тейлөө системасынан пайдалануудан баш тартууга/токтотууга жана/же Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнөн/продукттарнынан пайдаланууну токтотууга тийиш.

## 8. КАРДАРДЫН МАКУЛДУГУ

**8.1.** Кардарды аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттарынын жардамы менен (паролду, логинди, коддорду, биометриялык индентификациялоо каражаттарын, ПИН-кодду жана кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган эквиваленттүү башка каражаттарды, идентификаторлорду чагылдыруу/колдонуу менен) **"Айыл Банк" ААКсынын мобилдик тиркемесине, аралыктан банктык тейлөө системасына кирүүчү – (1) Кардардын электрондук кол тамгасы катары таанылат** (мында электрондук кол тамга коюлган электрондук документ (анын ичинде, мына ушул Купуялуулукту сактоо саясатында, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугуннун типтүү формасы) – кол тамга коюлуп, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн, кагазга чыгарылган документтей эле каралат); **(2) бул Кардардын өзү (жеке маалымат субъектиси)** ушул Купуялуулукту сактоо саясатына, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунунун типтүү формасына өз эрки боюнча айкын жана шартсыз түшүнүү менен толук таанышып чыккандыгын жана аларга макулдугун **билдирет**; ошондой эле **(3) жеке маалымат субъектисинин (Кардардын)** Купуялуулукту сактоо саясатынын, ага кошо тиркелген Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдугунун типтүү формасынын шарттарына ылайык, ага таандык **жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга жана алардын берилишине Банкка өз макулдугун бергендиги жөнүндө электрондук документке кол койгондугунун/акцептегендигинин юридикалык тастыктоосу болуп саналат**.

**8.2.** Кардар жогоруда көрсөтүлгөн пункка/шарттарга макул эмес болсо, ал Банктын мобилдик тиркемесинен, аралыктан банктык тейлөө системасынан пайдалануудан баш тартууга/токтотууга жана/же Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнөн/продукттарнынан пайдаланууну токтотууга ттийиш.

## 3. КУПУЯЛУУЛУК САЯСАТЫНА КАРАТА ТИРКЕМЕ

(Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана аларды иштеп чыгууга берген макулдугунун типтүү формасы)

**Субъекттин жеке маалыматтарды топтоого жана аларды иштеп чыгууга берген МАКУЛДУГУ**

**Мен, «Айыл Банк» ачык акционердик коомунун (мындан ары - Банк) кардары _________ (аты-жөнү, жашаган жеринин дареги: ____, инсандыгын тастыктаган документи (түрү, сериясы, №, берилген күнү, ким тарабынан берилген)** Банк тарабынан белгиленген ыкмада сунушталган бул макулдук катты акцептөө (кол коюу) аркылуу өз эрким боюнча, билип туруп төмөнкүлөрдү ишке ашырууну Банкка тапшыруу менен:

- Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө”, “Банктар жана банк

иши жөнүндө", "Кредиттик маалыматтар менен алмашуу тууралуу", "Коммерциялык сыр (купуялуулук) жөнүндө" мыйзамдарына, Кыргыз Республикасы башка ченемдик-укуктук актыларына, чет мамлекеттердин мыйзамдарына, эл аралык жана башка келишимдерге/макулдашууларга, тиешелүү төлөм системаларынын эрежелерине же шарттарына ылайык, Банк тарабынан же анын тапшыруусу, маалымат ээсинин тапшыруусу боюнча жеке маалыматтардын, кандай болбосун башка маалыматтардын/операциялардын же аларды ишке ашыруу ыкмаларына жана каражаттарына карабастан, ишке ашырылган операциялар топтомуна талдап-иликтөөлөрдү, мониторингди жүргүзүү, алга карай болжолдоолорду аныктоо, иликтеп көрүү, келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерге баа берүү максатында, автоматтык каражаттар же аларсыз эле алынган жеке маалыматтардын жаздырылып алышына, сакталышына, топтолушуна, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү, тактоо, корректировкалоо), ээсин аныктоо, системага салуу, топтоштуруу, аларга бөгөт коюу, жөнөтүү (анын ичинде чегара аркылуу да), алмашуу, талап кылып алуу, жок кылуу (өчүрүү, алып салуу, бурмалоо), андан ары аларга көз салып туруу, тизмектөө, пайдалануу, маалымдоо, таркатуу/Push-билдирмелерди, SMS-билдирүүлөрдү жана башка билдирүүлөрдү/сунуштарды жөнөтүү же болбосо алар менен башка аракеттерди көрүү, ошондой эле жеке өзүм (же ишенимдүү адамым) жана/же Банк тарабынан өз алдынча алынган (анын ичинде "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара иш алып баруу системасынан (мындан ары- "Түндүк" СМЭВ), Кредиттик бюро "Ишеним" ЖАКтан, мамлекеттик (муниципалдык) органдардан, ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан жана ведомстволордон (анын ичинде – Санариптик өнүктүрүү министрлигинен, Мамлекеттик каттоо кыматынан, Мамлекеттик салык кызматынан, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунан) мага тиешелүү, мага таандык болгон жеке мүнөздөгү маалыматтардын, документтердин/материалдардын, билдирүүлөрдүн, маалымдоолордун, фактылардын жана башка жагдайлар, окуялар (мындан ары – **жеке мүнөздөгү маалыматтар) боюнча маалыматтардын** топтолушуна жана иштелип чыгышына (буларды кошо алганда жана булар менен эле чектелбестен), ошондой эле:

- Банк тарабынан мага тиешелүү жеке маалыматтардын кайсыл болбосун үчүнчү жактарга/жеке маалыматтарды топтоочуларга (ээлик кылуучуларга) берилишине, анын ичинде, башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган үчүнчү жактарга/жеке маалыматтарды топтоочуларга (ээлик кылуучуларга) чегара аркылуу жөнөтүлүшүнө, кайсыл болбосун кредиттик бюрого ("Ишеним" кредиттик бюросун кошо алганда), банк-корреспондентке, Банктын агенттерине, субагенттерине, финансы-кредит уюмдарына, төлөм системаларынын операторлоруна, төлөм уюмдарына, "Түндүк" СМЭВке, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик (муниципалдык) ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга жана ведомстволорго (анын ичинде – Санариптик өнүктүрүү министрлигинин, Мамлекеттик каттоо кыматынын, Мамлекеттик салык кызматынын, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун органдарын/ведомстволорун кошо алганда), кызмат адамдарына, юридикалык жактарга жана менин макулдугумдун, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын, чет мамлекеттердин мыйзамдарынын, эл аралык келишимдердин/макулдашуулардын негизинде жеке мүнөздүгү маалыматтарды андан ары топтоп иштеп чыгуусу, ошондой эле ушул макулдукта белгиленген максаттарда ыйгарым укуктуу үчүнчү жактарга сунуштоосу үчүн алардын менчик формасына/кайсыл жерде каттоодон өткөндүгүнө/түзүлгөндүгүнө карабастан, башка жактарга берилишине **өзүмдүн толук, шартсыз макулдугумду билдирем**.

Жогоруда көрсөтүлгөн макулдук төмөнкүдөй жеке маалыматтарга да таркатылат (бирок алар менен эле чектелбейт): фамилиясына, аты жана атасынын атына (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын атынын өзгөртүү себептерине, кайсыл күнү өзгөртүлгөндүгүнө жана өзгөртүлгөн жерине), инсандыкты тастыктаган документтин түрүнө, сериясына, номерине, аны берген органдын аталышына, берилген күнүнө; жеке идентификациялык номерине (ПИН), идентификациялык салыктык номерине (ИНН) жана салык төлөөчүнүн башка реквизиттерине; төрөлгөн күнүнө жана жерине, жарандыгына тиешелүү маалыматтарга (анын ичинде, мурда алган жарандыгына, башка жарандыгына); үй бүлөлүк абалына, үй бүлөнүн курамына жана жакын туугандарына; жынысына; улутуна; ден соолугунун абалына; билими тууралуу маалыматтарга (билим берген уюмдун аталышы, аяктаган жылы, алган билимин,

квалификациясын тастыктаган документтин аталышы жана реквизиттери, документ боюнча адистиги же кайра даярдыктан өткөндүгү); илимий даражасы тууралуу маалыматтарга; чет тилдерин билгендиги тууралуу маалыматтарга, канчалык деңгээлде биле тургандыгына тиешелүү маалыматтарга; жашап жаткан, каттоодон өткөн (келген жеринин) дарегине, геолокациягак, электрондук почта, байланыш телефон номерлерине же башка байланыш каражаттарына; банктык, почта жана башка реквизиттерине, эмгек жолуна жана иш багытына тиешелүү маалыматтарга (аскердик кызмат өтөө, бир эле учурда эки жерде иштегендигине, ишкердигине, кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимдеринин негизинде иштегендигине тиешелүү маалыматтарды кошо алганда ж.б.); мамлекеттик сыйлыктары, башка сыйлыктары, ардак белгиси (ким тарабынан жана качан берилгендиги) тууралуу маалыматтарга; соттоолгондугу же соттолбогондугу, ага карата жаза чарасы, административдик, кылмыш жоопкерчилиги чаралары колдонулгандыгы тууралуу маалыматтарга; алган кирешелери, сый акылары, эмгек акысы/айлык акысы, чыгашалары, мүлктөрү, анын ичинде мал-жандыгынын, мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелеринин бардыгы тууралуу маалыматтарга; жеке түшкөн сүрөтүнө (санариптик форматтагыны кошо алганда) аудио же видео жазууларына, бажы, нотариалдык, коммерциялык, салыктык маалыматтарына, салыктык купуялуулукту, банктык сырды, анын ичинде алган кредиттери, кредитти алмаштыруучулары жана банктык кызмат көрсөтүүлөргө тиешелүү маалыматтарга, аларды төлөө/аткаруу тартибине, банктык эсептерге/аманаттарга/депозиттерге, төлөм карттарына, ишке ашырылган операцияларга/транзакцияларга, акча каражаттарынын жылышына жана алардын калдыгына, кардардын Банк алдындагы карызына, салыктык жана башка карыздарына, социалдык, бажы, камсыздандыруу, пенсиялык жана башка чегерүүлөрүнө, төлөмдөрүнө, топтоолоруна, жыйымдарына, жөлөкпулдарына, пенсиясына, салыктарына, айыптык төлөмдөрүнө, кармалып калынбаган төлөмдөрүнө, санкцияларга жана башка төлөөлөрүнө/төлөмдөрүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө”, “Банктар жана банк иши жөнүндө”, “Кредиттик маалыматтар менен алмашуу тууралуу”, “Коммерциялык сыр (купуялуулук) жөнүндө” мыйзамдарына, Кыргыз Республикасы башка ченемдик укуктук актыларына, чет мамлекеттердин мыйзамдарына, эл аралык жана башка келишимдерге/макулдашууларга, тиешелүү төлөм системаларынын эрежелерине же шарттарына, Банктын ички актыларына ылайык жана аларда каралган жеке мүнөздөгү кандай болбосун маалыматтарга, документтерде, билдирүүлөргө жана/же жагдайларга тиешелүү кандай болбосун башка маалыматтарга да таркатылат.

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды мамлекеттик (муниципалдык), банктык, төлөм жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү, банктык продукттарды сунуштоосу, банктык операцияларды/транзакцияларды ишке ашыруусу, төлөм тапшырмаларын жана башка буйруууларды аткаруусу, Банк Кардарын идентификациялоо, верификациялоо, авторизациялоо, аутентификациялоосу, анын иш багытын иликтөөгө алышы, кредиттерди/овердрафтты жана башка банктык продукттарды сунуштоо келишимин кабыл алуусу, аралыктан банктык тейлөө системасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү, Кардардын Банк алдындагы кандай болбосун карызын өндүрүп алышы, үчүнчү жак (анын ичинде башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган үчүнчү жактарга) кредиттик жана башка маалыматтарды/таржымалды топтоосу, отчетторду, маалымат базасын түзүүсү, Кардардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн, финансылык абалын текшерүүгө алуусу, анын мүлкүнүн бардыгын, анын ичинде мал-жандыгынын бардыгын, милдеттенмелеринин/карызынын бар-жоктугун, каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгүн аныктоо, ага карата арест, чектөөлөр/тыюу салуулар жогктугун, уруксатынын, лицензиясынын, патентинин, жана башка документтеринин, анын ичинде санариптик электрондук форматтагы документтеринин бардыгын, аларга өзгөртүүлөрдүн киргизилгендигин, келишимдерди/макулдашууларды аткарып жаткандыгын тастыктоо, Кыргыз Республикасынын, чет мамлекеттердин колдонуудагы мыйзамдарынын, улуттук эл аралык төлөм системаларынын эрежелеринин жана шарттарынын, эл аралык жана башка келишимдердин/макулдашуулардын талаптарынын, банктык тажрыйбада колдонуп жаткан негиздердин, Банктын ички ченемдик актыларынын негизинде башка кызмат көрсөтүүлөрдү/продукттарды/тейлөө кызматтарын иштеп чыгуу жана/же башка жол-жоболорду, иш аракеттерди аткаруу, бүтүмдөргө келишүүсү үчүн Банкка сунуштайм.

Ушул аркылуу жеке мүнөздөгү маалыматтардын коргоого алынышы жагындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлгөндүгүн/алар менен өз алдымча таанышып чыккандыгымды тастыктайм, ошондой эле мага тиешелүү жеке маалыматтардын аныктыгын, тактыгын текшерүү менин кынтыксыз ишкердик аброюма, кесиптик квалификацияма, финансылык, социалдык, мүлктүк жана башка абалыма/статусума тиешелүү маалыматтарды алуусу, карыздын өндүрүлүп алынышы, идентификациялоо/верификациялоо, келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерге баа берүү, мониторинг жүргүзүү жана жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн башка максаттарда колдонулушу үчүн ал маалыматтардын ыйгарым укуктуу мамлекеттик/муниципалдык жана башка органдарга, ишканаларго жана мекемелерге, кредиттик бюролорго, банктарга, ошондой эле кайсыл болбосун үчүнчү жакка (анын ичинде башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы чактарга чек ара аркылуу) жөнөтүлүшү жагдайы тууралуу да мага маалымдалгандыгын тастыктайм, Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө" мыйзамынын 24-беренесине ылайык Банк тарабынан мага таандык жеке маалыматтардын жогоруда көрсөтүлгөн жактарга берилгендиги тууралуу мага маалымдалышын/билдирилишин талап кылбайм. Ушуну менен бирге эле, жеке маалыматтардын топтолгондугу, иштелип чыккандыгы жана пайдаланылгандыгы, ошондой эле андан ары мага (кардарга) билдирүүсүз эле ошол маалыматтардын андан ары колдонулушу ыктымалдыгы тууралуу алдын-ала, толук көлөмдө мага маалымдалышынан улам, мындай учурларда Банкка карата эч кандай кине койбоого кепилдик берем.

**Мен - Банктын кардары, мындан тышкары төмөнкүлөр менен жеке таанышып чыккандыгымды жана алар тууралуу мага маалымат берилгендигин тастыктайм жана аларга макул экендигимби билдирем:**

1) жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга берилген бул макулдук каты чектелбеген мөөнөткө берилгендигин (жогоруда көрсөтүлгөн максаттар үчүн туруктуу негизде колдонула тургандыгын) жана кол коюлган (акцепттеген) күндөн (иштелип чыга баштаган күндөн) тартып күчүнө кире тургандыгын;

2) банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууну токтоткон жана Банк алдындагы карыз ордун толук жапкандан кийин гана кат жүзүндө толтурулган өтүнүч каттын негизинде жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга берилген бул макулдук каты жокко чыгарыла тургандыгын;

3) жеке маалыматтарды топтоого жанап иштеп чыгууга берилген макулдук кайтарылып алынган шартта, аларды толугу менен же жарым-жартылай иштеп чыгуу жана жөнөтүү иши Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө" мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине, түзүлгөн макулдашууларга, келишимдерге, тиешелүү төлөм системаларынын эрежелерине жана шарттарына, Банктын ички ченемдик актыларына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык улантылышы мүмкүн экендигин;

4) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген негиздемелерди жана/же чектөөлөрдү эске албаганда, менин жеке өзүмө тиешелүү маалыматтарды Банктан, ошондой эле алар жөнөтүлгөн башка жактардан кат жүзүндө кайсыл болбосун убакытта талап кылууга укутуу экендигимди.

**Ошондой эле мен – Банктын кардары төмөнкүлөрдү тастыктайм жана аларды тааный тургандыгымды билдирем:**

1) жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга берилген ушул макулдук катын акцептегенге (кол койгонго) чейин мен топтолуп жаткан маалыматтар тизмеги, алар кандай максат үчүн топтолуп, иргелип жаткандыгы негиздемелери, жеке маалыматтар менен иш алып баруу тизмеги, анын ичинде алардын үчүнчү жактарга берилиши мүмкүндүгү (башка мамлекеттердин юрисдикциясына кирген жактарды кошо алганда) менен өз алдымча таанышып, иликтеп чыккандыгымды;

2) жеке мүнөздөгү маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга электрондук документ формасындагы менин макулдугум кол тамга коюу менен тастыкталган, кагазга чыгарылган документ катары эсептеле тургандыгын;

3) бул макулдук Банк тарабынан белгиленген формадагы өтүнүч катка-анкетага кол коюлган учурдан жана/же мен – Банктын Кардары аралыктан банктык тейлөө системасына/АБ24 мобилдик тиркемесине идентификаторлорду, аутентификациялоо/идентификациялоо

каражаттарын колдонуу же Банк тарабынан белгиленген башка ыкмалар аркылуу кирүү менен ушул макулдукка электрондук кол тамга койгон учурдан тартып күчүнө кирген катары эсептеле тургандыгын тастыктайм.